DOI:10.26104/NNTIK.2022.29.36.054

*Расулова З.А., Тороев Ы.Т.*

# УСТАТТЫК УЛУУ ӨНӨРДҮН ЭЭЛЕРИ

*Расулова З.А., Тороев Ы.Т.*

# ОБЛАДАТЕЛИ ВЕЛИКОГО ИСКУССТВА НАСТАВНИЧЕСТВА

*Z. Rasulova, Y. Toroev*

# OWNERS OF THE GREAT ART OF MENTORING

*УДК:37. 018.2*

*Макалада Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында опол тоодой орду бар кыргыз эл мугалимдеринин ысымдары, алардын биз үчүн үлгү болгон татыктуу өмүр жолдорунан жана педагогикалык иш тажрыйбаларынан мисалдар чагылдырылат. Кандай шартта болбосун бүт өмүрүн, ден соолугун келечек ээлери болгон жаш муундарга арнап, баш оту менен күйүп-бышып эмгектенген мугалимдерибиздин эмгеги тууралуу сөз болот. Алардын алтын тажрыйбасы биз үчүн алмашылгыс үлгү. Чыныгы мугалим-бул ар тараптуу инсан экендигине алардын педагогикалык ишмердүүлүгү, топтогон бай тажрыйбасы, коомчулукта ээлеген өзгөчө орду далил. Алардын өмүрүнүн ар бир жылы жаңы барак менен ачылып, балалыктын кызык билим дүйнөсүндөгү жаңы ачылыштарга күбө болуу менен аны өнүктүрүүгө жардамдашат. Мунун баары аты аталган ар бир устат мугалимдерибиздин улуулугун жана бийик адамдык сапаттарын көрсөтүп турат.*

***Негизги сөздөр:*** *мугалим, ийгилик, тарбия, ой жүгүртүү, кесип, коом, келечек, дүйнө тааным, инсан.*

*В статье будут освещены имена кыргызских народных учителей, занимающих важное место в системе образования Кыргызской Республики, примеры их достойных жизненных путей и опыт педагогической работы, которые являются для нас примером. Речь идет о трудах наших наставников-учителей, которые при любых обстоятельствах готовы посвящать всю свою жизнь и здоровье подрастающему поколению. Их многолетний, богатый опыт - незаменимый образец для нас. О том, что настоящий учитель, это разносторонняя личность, свидетельствует их педагогическая деятельность, богатый опыт, особое место, которое он занимает в обществе. Каждый год своей жизни они открывают новой страницей и способствуют ее развитию, становясь свидетелями новых открытий в чудесном мире образования детства.*

***Ключевые слова:*** *учитель, успех, воспитание, мышление, профессия, общество, будущее, мировоззрение, личность.*

*The article will highlight the names of Kyrgyz folk teachers who occupy an important place in the education system of the Kyrgyz Republic, examples of their worthy life paths and experience of pedagogical work, which are an example for us. We are talking about the works of our mentors - teachers who, under any circumstances, are ready to devote their whole lives and health to the younger generation. Their long-term, rich experience is an irreplaceable model for us. The fact that a real teacher is a versatile person is evidenced by their pedagogical activity, rich experience, and the special place that he occupies in society. Every year of their lives they open a new page and contribute to its development, witnessing new discoveries in the wonderful world of childhood education.*

***Key words****: teacher, success, upbringing, thinking, profession, society, future, worldview, personality.*

Адамдын улуулугу, ыймандуулугу жана коомдогу орду анын алган билимине, руханий дүйнөсүнө, маданиятына жараша болору белгилүү. Дарыя булактан башталары туура болсо, билим жана тарбиянын башаты үй-бүлө, мектеп жана албетте окуткан мугалим. Мугалим болуу оңой эмес... Ар бир сабак, ар бир мугалимдин жекече чыгармачылыгынын ийгилиги. В.А. Сухомлинский: "Жакшы мугалим жакшы сабакка өмүр бою даярданат, окуучуга кыпындай жарыктыкты бергиси келген мугалим өзү да деңиздей жарыктыкты жутуп, боюна сиңирүүсү зарыл" - деп айткан. Мугалим ар дайым, ар күнү жаңы маалымат менен сугарылып, эч качан артта калбоосу керек. Анткени, ал бүгүнкү коомдун жарчысы эмеспи? Окуучулар эле эмес, ата-энелер жана коомдун башка мүчөлөрү да мугалимден көп нерселерди күтүшөт. Албетте, сабактын натыйжалуулугу биринчи кезекте мугалимдин педагогикалык чеберчилигине байланыштуу болот. Эгерде окуучунун жан дүйнөсүн ойгото алса, аны ойлондура алса, сабакка болгон кызыгуусун пайда кылса, анда бул – мугалимдин жетишкендиги.

Жаш бөбөктү жетелеп, алгач ирет тактага «А» тамгасын жазып тааныткан ыйык инсан, ардактуу кесиптин ээси бул - Мугалим. Чындыгында эле алар чоң тамга менен жазылууга татыктуу. Эчен залкар адамдар, өлкө башкарган президенттер да бир кезде мугалимдин окуучусу болгонун, алар берген билимдин үрөнү менен бийиктикке жеткенинен тана албаспыз.

Мугалимдик кесип – эң байыркы кесип. Түйшүгүнө карабай мугалимдер кесиптин ырахатын эч нерсеге алмаштырбайт. Жыл сайын мугалимдер үчүн жашоосунун жаңы барагы ачылат. Мектепке кадам таштап кирип келген бөбөктүн билим алууга кызыгуусу мугалимдерге айтып бүткүс кубаныч тартуулайт. Ар дайым балалыктын дүйнөсүндө жүрүүгө не жетсин?! Мыкты мугалим ар бир окуучунун жөндөмдүүлүктөрүн көрө билет жана аларды өнүктүрүүгө жардамдашат. Өз учурунда Уильям Эрнст (англ. жазуучусу) мындай деп жазган: «Биз окуучунун эмнеге жөндөмдүү экенин, билиминин деңгээлин, шыктуулугун эске алган окутуунун ылайыктуу усулун изденип табышыбыз керек».

Мугалим кандай гана ардактуу жана ошол эле учурда ары түйшүктүү кесип. Мугалимдин педагоги-

калык акыл калчап иш кылгандыгы, жаш окуучулар менен тил табышып аларга билим бергендиги, изденгичтиги жана жаш баланын деңгээлине түшүп алар менен бирге билим дүйнөсүнө кирип, тарбия берүүгө күч жумшагандыгы менен алкыш сөзгө, кадырлоого ээ болгон инсандар.

Биздин бул жашоодо өз ордубузду табууга, жетишкен ийгиликтерибизге, кадыр баркыбызга, ой жүгүртүүбүзгө, бул жашоонун жолун таап жашап кетүүбүзгө багыт берген албетте ата-энеден кийинки эле бул мугалимдерибиз. "А" тамгасын таанып баштагандан дүйнө-таанымыбызды кеңейтип, таалим-тарбиябыздын баштоочусу да, себепчиси да мугалим го деп ойлойм. Ошондуктан мугалимдерибизге кандай алкыш айтсак да жарашат. Мугалимдин иши бир жагынан ардактуу болуп саналса, экинчи жагынан ошончолук жоопту болот. Анткени билим берүү, таалим-тарбия жана агартуу тармагын өркүндөтүү ишинде мугалимге ошончо милдет коюлган. Мугалимдердин эмгектерин канча белгилесек да аз. Мугалим тарыхты өзгөртө турган инсан болуп саналат. Алар келечек муундарга кандай билим, кандай тарбия берсе, келечекте муундарыбыз ошондой алган билим-тарбиясынын негизинде келечектин куруучулары болушат.

Билим берүүнүн бүгүнкү келечегин ойлоп, өмүрүн билим берүү тармагына арнаган, эртеңки күнүн гана эмес элинин камын ойлогон эл мугалимдери арбын. Бул макаланын темасынын «Устаттык улуу өнөрдүн ээлери» деп аталышынын себеби, Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагынын өнүгүүсүндө эң биринчиден жан үрөп эмгектенип, элдин балдарын тарбиялап алардын жаркын келечегине жол баштап келе жаткан мугалимдерибиз учурда окутуунун жаңы технологиясы катары: програм-малык тестирлөө, модуль системасы, интерактивдүү окутуу, сынчыл ойломду өстүрүү программасынын стратегиясы сыяктуу заманбап окутуунун технологияларын практикалап, билим жана тарбия берүүгө өз салымдарын кошуп келишкендигин белгилеп кетүүнү туура таптык. Анткени тарыхта кыргыз элинин ар тараптуу маданияттуу болуп өнүгүүсүнө мугалимдердин салымы чоң. Кыргыз эл мугалимдеринин балдарды окутуп тарбиялоодогу үлгүлүү өмүр жолу ар бир педагог кесибин аркалаймын деп окуп жаткан студенттер жана жаш мугалимдер үчүн туу катары эсептелет. Алардын алтын тажрыйбасы биз үчүн алмашылгыс үлгү. Тарыхый жана маданий мураска ээ болгон элибизде окумуштуу педагогдор, тарыхчылар жана башка социалдык илимдердин өкүлдөрү көп, алардын катарында кээ бир кыргыз Эл мугалимдеринин өмүр таржымалы, изилдөөлөрү, жаш муундарды тарбиялоодогу кошкон салымдарына сересеп салсак.

Кыргыз элинде канчалаган улуу инсандар, акылман ойчулдар, улуу мугалимдер жашап өтүшкөн, кээ бирлери азыр да арабызда жашап үлгүлүү өмүр сүрүп келе жатышат. Алар тууралуу канча сөз айтсак да аздык кылат. Мисалга айтсак: элине өмүрүн арнаган эл мугалими Бекмурза Батыркулов, Айкөлаалым, адилет мугалим - Аманбек Жайнаков, Баатыр наамына татыктуу эл мугалими - Бектур Исаков, Сабагы да, өзү да дастанга айланган эл мугалими - Исак Бекбоев, Мекендин чыгаан атуулу, окумуштуу педагог - Асан Заркунов, Адамгерчиликти жан дүйнөсүнө сиңирген агай - Султан Мамбеткалиев жана биздин региондун (Баткен облусунун Лейлек району) атын алыска таанытып дүйнөлүк педагогдор баштаган мыкты демилгелерди улантып, өз туулуп өскөн регионунун жаш муундарына таалим-тарбия берүү менен көптөгөн эксперименттерди жасап «элдик мугалим» атагына ээ болгон Гапыр Мадеминов, жараткан берген өмүрдү текке кетирбей туура пайдалана билген жана ошол өмүрдө өзү үчүн гана эмес, эли-журту үчүн эмгегин жумшаган чыгаан илимпоз, мыкты жетекчи жана көрөңгөлүү устат Машрабов Абдималик Амирович агайларыбыздын ысымдарын сыймыктануу менен айта алабыз.

Чыныгы интеллигент, чебер педагог жана мыкты илимпоз Абдумалик Амировичтин 2 монографиясы, 8 окуу китеби, 4 документалдуу-популярдык колдонмосу жана 80ден ашуун илимий макалалары Кыргызстан жана чет өлкөлөрдөгү илимий журналдарга басылып чыккан [4]. Кесипти бийик туткан кичипейил агайыбыздын окуучулары, кесиптештери жаш муундарды тарбиялоого кошкон анын чоң салымы тууралуу сөз кылып: «Агайдын мектепте иштеп жүргөн кезинде сабак өткөн окуу каанасына кирип калсам, окуучулардын жазуу иштерин текшерип отурган экен. Мынча жазуу иштерди качан текшерип бүтөсүз, убакытыңызды кетирбей эле койбойсузбу? деген суроомо агай: «Бул окуучулардын эмгеги, алардын көпчүлүгү жазуу иштеринин негизинде билимдерин, ой-толгоолорун билдиришет. Оозеки жооп берүүдөн тартынгандар бул иштерде өз жообун эркин, эч кандай тоскоолдуксуз жаза алат, бул алардын чыгармачылыгын өстүрөт. Ошондуктан бул иштерди өтө кылдат, туура баалоо керек» деп жооп бергени эсибизде калды», - деп эскеришет [4]. Абдумалик Амирович чындыгында балдардын да, чоңдордун да мээримине, жылуу мамилесине арзыган, сыйына татыган, кесипкөй, чыныгы мугалим.

Ал эми мыкты педагог, изденгич,чыгармачыл, иш билги Гапыр агай дүйнөнүн жана кыргыз элинин улуу педагогдорунун теориялык эмгектерин казып окуп, кайра өз тажрыйбасынын негизинде келип чыккан теориялык бүтүмдөрү менен практикалык жыйынтыктарынан улам, өзүнүн жекече педагогикалык системасын түзгөн. Ал системасы «Акыл эмгегинин маданияты» деп аталат. Бир нече эмгектеринде өз идеяларын жарыялап, бүгүнкү күндүн мыкты педагогу да, чебер методисти да, мугалим-илимпозу да бо-

лууга жетишти. Гапыр Мадеминовду учурдун новатор, экспериментатор мугалими десек жаңылышпайбыз, анткени, агай өзү иштеп чыккан методика, программасын даярдап чыгарган китептери менен сабак өтөт. Бүгүнкү күндө Г.Мадеминовдун методикасы менен окуу куралдарын, анын «Энелер мектеби» окуусунун автордук программасын Кыргызстандын бардык булуң-бурчтарындагы мектептер өздөштүрүүгө активдүү аракеттенишүүдө [5]. Г. Мадеминовдун сиңирген эмгегинин мааниси, ал өзүнүн окуу китептеринде мугалимдер жана ата-энелер үчүн баланы тарбиялоодо туура багыт алууга жардам кылган жол көрсөткүч болгондугунда да жатат [8].

Дагы башка көптөгөн билим жолуна чыйыр салган улуу инсандар бар. Бул тизмени дагы көп улантууга болот. Жогоруда саналган наам ээлеринин көпчүлүгү кыргыз элинин илим, билим, маданиятына өз салымын кошкон, өз эмгектери менен «Кыргыз Эл мугалими» деген сыймыктуу наамга ээ болгон эл мугалимдери.

Адамзат бул жашоого бир келет. Өз өмүрүн татыктуу жашап, элине ак эмгеги сиңип, элдин алкышына ээ болуп, өзүнөн кийинки муундардын жүрөгүнөн түнөк таап, артында өчпөс из калтырып, ысмы урматсый менен аталып жүргөн агайыбыз, ушундай улуу бакытка эгедер инсан, мугалим деген ардактуу кесиптин татыктуу ээси, өз элинин чыныгы атуулу, Кыргыз Республикасынын Эл мугалими Бекмурза Батыркулов агайдын да билим берүү системасына кошкон салымы зор.

Өз мектеби, окуучулары үчүн кам көрүп, аларга бүтүндөй өмүрүн, билимин, ден-соолугун, күч-кубатын арнаган, элдин балдарына таалим-тарбия берүүгө чын дилинен берилген Бекмурза агайдын жасап кеткен бараандуу, алгылыктуу, жемиштүү иштери болочок мугалимдерге татыктуу үлгү болуп келет.

Мугалимдик татал кесиптин ысык-суугуна чыдап, опол тоодой жүктү жонунан түшүрбөй, жоопту уда, түйшүктүү да, ардактуу да мугалимдик-устаттык кесипти татыктуу аркалаган инсан Бекмурза Батыркулов агайдын педагогикасы жана анын өмүр бою талыкпастан мектепте иштегендигинен, анын бай педагогикалык тажрыйбасынан анын улуулугун жана бийик адамдык сапаттарын билсек болот.

Тарыхта Ш. Амонашвили, В. Шаталов, М. Давыдов, А. Ильин, Е. Лысенкова сыяктуу новатор мугалимдер менен катар Бекмурза Батыркулов деген айылдык мугалимдин ысымы өз учурунда кыргыз педагогикасында «Сабак-сахна», «сабак-жомок», «сабак мелдеш» сыяктуу жаңы сабактардын 70ке жакын түрүн практикалык колдонууга киргизип, «Адаттан сырткаркы сабактары" менен таанылган. Мына ушул мезгилден азыркы күндөргө чейин республикабыздагы мугалимдер Б. Батыркулов агайыбыздын сабактарын чыгармачылык менен практикалап келишет. Анын: «Сөздүн күчү укмуш! Мугалим үчүн башкысы, бет алдындагы баланы билүүсү абзел... Бала деген ким? Бала - күйүп турган чок. Анткени адамдын жаны оттон турат. Ал отту ата-эне балага өткөрсө, ошол оттун жалынын өчүрбөй, баладагы табыгый шыкты ойготуш үчүн балага жалындуу патриот мугалим керек. Мен эмне үчүн ушул кезге чейин мектептен кетпей иштеп жүрөм? Себеби: жанагыдай мектептен качып, сабактарга кирбей жүргөн балдардын үлбүрттөп өчүп бараткан отторун кайра тутантып коёюн деп жүрөм» - деген сөздөрүнөн эле агайдын кандай улуу адам экенин толук аңдап туюуга болот [2].

Профессор Бектурсун Алымовдун да мындай деп жазганы бар: «Баланы тарбиялап адам кылып чыгарууда устаттын парзы, милдети эбегейсиз зор, татаал. Чыныгы устат кандай шартта болсо да, келечектин ээси боло турган инсанды тарбиялаймын деген улуу максаттан тайбайт. Ал ушул ыйык нерсеге бут жан дили менен умтулса жана өз кесибинде ыйманы таза болсо гана, Ата Журт менен элинин алдындагы парзын аткарган болот» [3].

«Өмүрүңдү Ата Журтка арнасаң, жыргап куунап кор болбойсун эч качан» деп улуу бабабыз Жусуп Баласагын айткандай, өз өмүрүн Ата Журттун өнүгүшүнө арнаган асыл адамдардын бири - Бектур Исаков. Кыргыз Республикасында билим тармагынын өнүгүшүнө бул агайыбыздын да салымы эбегейсиз. КР Эл мугалими Бектур Исаков агайыбыз окутуу иштеринде далай иштерди аткарып, новатордук ыкма менен балдарга натыйжалуу, кызыктуу, өрнөктүү билим берип келет. Педагогикалык багытта Манас таануу, кыргыз тили жана адабияты маселелери, улуттук педагогика боюнча 40тан ашуун китеби, илимий-усулдук окутуунун ыкмалары боюнча 250дөн ашуун макалалары жарыкка чыккан. Агайдын баштаган иши менен Кыргыз Республикасында жогорку жана орто кесиптик билими бар атуулдардын катары өсүп, алар мамлекеттин андан ары өсүп-өнүгүүсүнө бүгүнкү күндө зор салымын кошуп келишет.

Бектур Исаков классындагы балдарга: «Силер киши робот эмессинер, эркин дүйнөсүнөр. Ар бириңердин мумкүнчүлүктөрүңөр чексиз. Ар бириңде таң калаарлык шык жөндөм, талант бугуп жатат. Адам кээде өзүндөгү ушул улуу, асыл нарктарды ойготпой жүрүп өтүп кетет. Биздин максат-ошолорду ачуу. Дүйнөнү өз колуңар өз акылыңар менен ача аласынар. Силер миң тилдүү, миң үндүү коңгуроосунар. Баарынардын коёндой окшош болуп калышыңарды каалабайм», деп айткан сөздөрү бар. Балага карата болгон мындай педагогикалык көз карашы Бектур Исаковдун педагогикалык ишмердигиндеги анын жогорку жоопкерчиликтүүлүгүн, кесипкөйлүгүн дагы бир жолу тастыктап турат. Бектур Исаковдун жаңы педагогикалык концепциясы жогоруда өзү айткандай, бала робот эмес, ал эркин дүйнө, балдардын ар биринде таң ка-

лаарлык шык, жөндөм, талант бугуп жатат, мугалимдин да, окуунун да милдети - ошолорду ачуу, балдар ар тараптуу, миң үндүү, алардын баары бири-бирине коёндой окшош болуп тарбияланууга тийиш эмес, окуучу изденсин, шектенсин, тандасын, ырастасын, жаңылсын, талашсын, өз оюн далилдесин, дүйнөнү өз колу, өз акылы менен ачсын-деген мугалимдик терең философиялык ойду чагылдырган далай эмгектери балдарды тарбиялоодо жемиштүү үзүрүн берип келе жатат.

Б. Исаковдун окутууга, окуучуга карата мындай көз караштары дүйнөлүк педагогиканын аталары - Я.А. Коменскийдин, Ж.Ж. Руссонун, И.Г. Песталоццинин, К.Д. Ушинскийдин, А.В. Сухомлинскийдин билим берүүнүн түпкү пайдубалында окуучунун личностунун өздүк баалуулук принцибинин жатышы, окуучу баланын мектептин эң жогорку ыйык жана асыл дөөлөтү болушу, жеткинчектин асыл адамдык, инсандык "мен"ин эркин өнүктүрүп, баланы окутуунун объектиси эмес, субьектиси болушу туурасындагы гуманистик педагогикалык философиясында жатат.

Мугалимдик кесип түйшүктүүлүгү, татаалдыгы, ошол эле учурда ары ардактуу, ары салмактуу жана сыйлуу кесип экендиги менен айырмаланат.

Улуу мугалимдер тууралуу канча көп жазсак да аздык кылат. Келечекте ушул макалада үлгү катары көрсөтүлгөн кыргыз эл мугалимдери сыяктуу чыныгы мугалим болуп, келечектин ээлери болгон жаш муундарды окутуп, тарбиялаймын деген болочок мугалимдерге ийгиликтерди каалайт элек. Ошону менен эле бирге, мугалимдик кесиптин ары түйшүктүү, ары оор жактарын көтөрүп келе жаткан жалпы мугалимдерге ыразычылык билдирүү менен, алардын ар бири өздөрүнүн назик кесиптерин аркалап, элине өмүрүн арнаган эл мугалимдери деген сыймыктуу наамга татыктуу инсандардан болуусун тилейбиз.

**Адабияттар:**


1. Рахимова М.Р., Панкова Т.В., Калдыбаева А.Т. Педагогикалык ойлордун жана билим берүүнүн тарыхы. - Б., 2013.
2. «Кыргызстан». Улуттук энциклопедия: 2-том. Башкы редактору Асанов А. К 97. - Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2007.
3. Кыргыз энциклопедиясы (Бектурсун Алымов). - Б., 2006-ж.
4. Кичипейил жетекчи жана илимпоз инсан / Түзгөн Мурзакулов К.Э., т.и.к., доцент. - Бишкек, 2007. - 188-б.
5. Билим жолундагы өмүр: Мектеп жетекчилери, усулчулар, изденүүчүлөр, аспиранттар жана мекеп мугалимдери үчүн. Түзгөн: Б.А. Абдухамидова. - Б., 2013. - 256-б.
6. Абдиева А.М., Узакбай уулу К. Каныбек Исаков - лучший ученый, мудрый лидер, великий наставник и реформатор. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2021. №. 3. С. 72-74.
7. Мугалим. Илимий – педагогикалык журнал № 4-5 , 2014-ж.
8. Маводи конференцияи илмй-методии минтакавй бахшида ба солхои рушди дехот, сайехи ва хунархои мардуми / З.Г Мадмуратова. // Ата-эне баланын өмүрлүк устаты жана тарбиячысы. - Хучанд-Мехробод, 2019.
9. Байгазиев С.О., Рысбаев С.К. Педагогикалык тажрыйба: изденүүлөр жана табылгалар. – Ф.,1989-ж.
10. Кут билим. Коомдук-педагогикалык, илимий-популярдуу басылма. - №1. - 09.01.2015-ж.
11. Эл агартуу. Илимий-педагогикалык жана методикалык журналы. 2013-ж. - № 1-2.
12. Расулова З.А. Үй-бүлөдө балдарга карата ырайымсыз мамилелердин көйгөйлөрү жана алардын алдын алуу / З.А Расулова. // Известия ВУЗов Кыргызстана. - Бишкек, 2016. - №10. - С. 116-118. http://www.science-journal.kg/ru/journal/2/2016/10/
13. Расулова З.А., Тороев Ы.Т. Маалымат-жогорку окуу жайдагы окуу процессин башкаруунун активдүү компоненти катары / З.А Расулова. / Известия ВУЗов Кыргызстана. - Бишкек, 2016. - №10. - С. 145-148. http://www.science-journal.kg/ru/journal/2/2016/10/